Бекитемин

Мектеп директору __________ Исакова А.Р.

"__" ____ 2022-ж

Убайдылда Малтабаров атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинин

Педагогикалык кеңеш жөнүндө

# Жобосу

Педагогикалык кеңештин мазмуну

Педагогикалык кеңеш – мектептин тарбия иштериндеги маселелерди кароочу жогорку орган.

Педагогикалык кеңеште каралуучу негизги маселелер болуп төмөндөгүлөр саналат:

- Окуу тарбия иштеринин деңгээлин жогорулатуу үчүн мектептин педагогикалык жамаатынын аракеттерин бириктирүү.
- Илимдеги жетишкендиктерди жана педагогикалык алдынкы тажрыйбаларды жайылтуу;
- Мектептин усулдук бирикмелердин иш пландарын, мектеп кызматкерлеринин маалыматтарын жана отчетторун, коомчулуктун өкүлдөрүнүн докладдары, мектептин санитардык-гигиеналык абалы жана окуучулардын ден соолугу жөнүндө билдирүүлөрдү, ошондой эле мектептин башка иш аракеттерине таандык маселелерди талкуулайт;
- Предметтик жана чыгармачылык ийримдерди, факультативдерди, элективдик (тандоо) курстарды, студияларды, окуу жана усулдук бирикмелерин түзүү жөнүндө, окуучуларды экзамендерге киргизүү, класстан класска көчүрүү, же ордунда калтыруу, толук эмес орто билим жана толук орто билим жөнүндө күбөлүктөрдү жана аттестаттарды берүү жөнүндө чечимдерди кабы алат.

## 2. Педагогикалык кеңештин курамы.

1. Мектептин директору педагогикалык кеңештин төрагасы (төрайымы)болот.
2. Педагогикалык кеңештин катчысы щайланат.
3. Педагогикалык кеңештин курамына мектептин директору, анын орун басарлары, мугалимдер, психолог, социалдык педагог, китепканачы врач кирет.
4. Зарыл болгон учурларда педагогикалык кеңештин жыйынына коомдук жана окуучулардын өкүлдөрү, башка окуу жайлардын кызматкерлери, окуучулардын ата-энелери чакырылат. Аларды чакыруу зарылдыгы педагогикалык кеңештин төрагасы (төрайымы) тарабынан аныкталат.
   Чакырылган жактарга добуш берүү мүмкүнчүлүгү берилет.

**3. Педагогикалык кеңештин ишин уюштуруу**

1. Педагогикалык кеңеш бекитилген план боюнча иш алып барат.
2. Педагогикалык кеңештин отурумдары окуу жылында бир чейректин ичинде бир жолу өтөт. Зарыл болгон учурларда педагогикалык кеңештин жыйыны кезексиз чакырылышы мүмкүн.
3. Педагогикалык кеңештин чечимдери кеңештин мүчөлөрүнүн үчтөн бир 3/1 бөлүгүнүн катышуусунда көпчүлүктүн добушу менен кабыл алынат. Добуштардын саны тең болгон учурда чечүүчү добуш төраганыкы (төрайымдыкы) болуп саналат.
4. Педагогикалык кеңештин чечимдеринин жана сунуштарынын аткарылышын уюштурууну педагогикалык кеңештин төрагасы (төрайымы) ишке ашырат жана ал жөнүндө кеңештин жыйынында баяндап берет.
5. Педагогикалык кеңештин мүчөлөрү мектеп иштерин жакшыртууга байланышкан сунуштарын кеңештин кароосуна берүүгө укуктуу
6. Педагогикалык кеңештин жыйындарына токтом (протокол) түзүлөт.Токтомго кеңештин төрагасынын (төрайымынын) жана катчысынын колу коюлуп, мектептин иш кагаздарында сакталат.